КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО
ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

MINISTRY OF EDUCATION AND SCIENCE OF THE KYRGYZ REPUBLIC

720040, Бишкек ш., К. Тыныстанов көч., 257
Тел.: 66-24-42, факс (0312) 62-15-20

257, K. Tynystanov st., Bishkek 720040
E-mail: minedukg@gmail.com

720040, г. Бишкек, ул. К. Тыныстанова, 257
http://edu.gov.kg


**БУЙРУК** **ПРИКАЗ**

№ 389/1 2020 жылдын «22» майы

**2019-2020 – окуу жылынын аяктагандыгына карата онлайн-формасында салтанаттуу иш-чараларды өткөрүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 21-мартындагы "Кыргыз Республикасында 2020-жылдын 22-мартынан 22-апрелине чейин өзгөчө кырдаалды киргизүү" тескемесине, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2020-жылдын 24-мартындагы "COVID-19 коронавирустук инфекциясы катталган район, шаарларга өзгөчө абал киргизүү жөнүндө" жана Кыргыз Республикасынын Президентинин 2020-жылдын 28-апрелиндеги "Кыргыз Республикасынын Президентинин кээ бир чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" жарлыктарынын негизинде жана Кыргыз Республикасынын бардык типтеги жана менчик түрүндөгү жалпы билим берүү уюмдарында 2019-2020-окуу жылын уюшкандыкта жыйынтыктоо, бүтүрүүчүлөрдүн өмүрүнүн коопсуздугун сактоо жана укук бузууларды алдын-алуу максатында, **буйрук кыламын:**

1. 2019-2020-окуу жылы бардык жалпы билим берүү уюмдарында 30-майда аяктагандыгына байланыштуу салтанаттуу иш-чаралар онлайн-фороамасында өткөрүлсүн.
2. Бишкек, Ош шаардык билим берүү башкармалыктарынын жана райондук, шаардык билим берүү бөлүмдөрүнүн жетекчилери:
   - 30-май күнү окуу жылынын аяктагандыгына байланыштуу онлайн-режимде бүтүрүүчүлөр менен мектептин администрациясынын, класс жетекчилердин, сабак берген мугалимдердин куттуктоолорун уюштурушсун;
   - 2020-жылы жалпы билим берүү уюмдарын аяктап жаткан бүтүрүүчүлөрдү куттуктоо максатында «Бүтүрүүчү-2020» "ЭлТР" МТРКсы менен биргеликте уюштурулуп жаткан иш-чарага тиркемеге ылайык видео куттуктоолорду даярдоону уюштурсун (программа жана шарттары тиркелет).

3. Билим берүү уюмдарында окуу жылынын аяктагандыгына байланыштуу бүтүрүүчүлөргө арналган ар кандай иш-чараларды өткөрүүгө тыюу салынсын.
4. Бишкек, Ош шаардык билим берүү башкармалыктарынын райондук, шаардык билим берүү бөлүмдөрүнүн жетекчилери аталган буйрукту аткарууга алышсын.
5. Аталган буйрук менен бардык билим берүү уюмдарынын жетекчилери таанышышсын жана бүтүрүүчүлөрдүн ата-энелерине жеткиришсин.
6. Буйрук министрликтин сайтына жана «Кут билим» газетасына жарыялансын.
7. Буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө министрдин орун басары Н.С. Джусупбековага жүктөлсүн.

**Министр** **К.А. Исаков**